Сайпидинова Н.Э.

К.Тыныстанов ат. ЫМУ

«СЕМЕТЕЙ» ЭПОСУНУН САЛТТЫК МОТИВДЕРИНИН ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

«Семетей» эпосу - «Манас» эпосунун ажырагыс бөлүгү, чыгармадагы негизги идея - сырттан басып кирген душмандардан элди-жерди коргоо, элдердин ынтымагын сактоо. Ошондуктан «Семетей» «Манастын» түздөн-түз уландысы, өз алдынча көлөмдүү, көп варианттуу эпикалык чыгарма экендиги өткөн кылымда эле белгиленген. Дагы бир мүнөздүү өзгөчөлүгү: «Манас» эпосуна караганда көлөмдүү, варианттары көп, семетейчилердин да саны арбын. Тагыраак айтканда, Семетей салттуу түрдө Манас баатырдын карачечекей уулу аталып, атасынын иштерин улантып, аягына жеткирген чыныгы баатыр катары, эпостун кийинки бөлүгүнүн баш каарманы катары сүрөттөлөт. Демек, «Семе-тей» эпосу - кыргыздарга гана таандык улуттук маданий көрү-нүштүн бир көрүнүктүү фактысы катары калыптануу, өнүгүү жана өркүндөө баскычтарын толук басып өткөн өзгөчө классикалык чыгарма. «Манас» эпосундагыдай окуялардын системасынан сюжет куралат. Чыгармада башкы каармандын тегерегинде окуя өнүгөт. «Манас» эпосундагыдай эле композициясы генеалогиялык циклизация прин-цибинде түзүлөт.

«Семетей» эпосу «Манас» эпосунун ажырагыс бир бөлүгү болуу менен бирге, өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Эгер «Манас» эпосу шарттуу түрдө өзүнчө бир идеалдуу доорду сүрөттөсө, «Семетей» эпосунда башка бир өзгөчө доорду сүрөттөгөнүнө күбө болобуз. «Манас» бөлүгүнө мүнөздүү болгон жалпы элдик биримдик, ынтымак «Семетей» эпосунда көп жагынан басаңдаган, начарлаган, сырткы душмандарга караганда ички душмандар күч алганын көрөбүз [2]. Бул туралуу белгилүү окумуштуу А.Жайнакова «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи» аттуу китебинде мындай дейт:- «Манас» да, «Семетей» да - батыр-дык эпос. Айырмасы болсо «Манас» эпосунда сырткы баскынчыларга каршы жүргүзүлгөн уруштар негизги сюжеттик өзөктү түзүп, ички уруу кагылыштары анчалык мааниге ээ эмес. Ал эми «Семетей» эпосунда тескерисинче, сырткы душманга каршы күрөштөр экинчи планга жылып, уруулардын, туугандардын ортосунда араздашуулар чыгар-мадагы башкы тема катары берилет. Бул, биринчиден, эпостордун эки башка доорду чагылдырышы, экинчиден, генеалогиялык циклиза-циянын талабына ылайыкталышы менен түшүндүрүлөт» [3].

Ошондой эле «Семетей» эпосу да «Манас» эпосу сыяктуу эле көп вариантка ээ. «Семетей» эпосун айтуучулар атайын семетейчи аталып калганы да баарыбызга маалым. «Семетей» айтуучулардын вариант-тарында, негизинен, Семетей баа-тырдын айланасында окуя өнүгүп, анын баатырдыгын даңазалаган, Манастын мураскору катары элин-жерин коргогон чыныгы патриот, айкөл экендиги эпосто кеңири баяндалат. Белгилүү манасчы Сагымбай Орозбаков «Семетей» эпосун өзгөчө баалап, жогорку деңгээлде аткарганын окумуштуулар белгилеп келишүүдө.

Ал эми 20-кылымдын Гомери аталган улуу манасчы Саякбай Каралаевдин вариантындагы «Семе-тей» эпосу окуяларга өтө бай, көр-көмдүгү жагынан бийик экендигин окумуштуулар бир ооздон баса белгилеп келүүдө. Манас баатыр өлөөрүндө айткан керээзинде:

«Эри өлгөндө катынга

Төркүн жакын болуучу.

Кыркып берип чыбыгын,

Кылып бергин ырымын.

Иниң Ысмайылга

Бала кылып бер.

Жашы он экиге келгенче

Мени тарткан эр болсо,

Азбаган шер болсо

Атаң Манас деп айткын,

Жериң Талас деп айткын, баатыр болбосо, айтпагын», - деген эмеспи.

«Семетей» эпосундагы окуя Манас баатыр өлгөндөн кийин энеси Каныкейдин ички душмандар: Жакып кандын кичи аялынан төрөлгөн Абыке, Көбөш баштаган алты баласынын чатагынан Семетей жетимди Букарга алып качуусунан башталат. Манас баатыр өлгөндө, С.Орозбаковдун варианты боюнча, Семетей үч жашта, ал эми С.Каралаевдин айтуусу боюнча алты айлык балтыр бешик бала болот. Демек, өтө жаш мураскор. Бирок атасынын ордун басууга али эрте экендигин билген ички душмандар, анын көзүн тазалап, өзүлөрү мураскор болууну каалашкан Абыке менен Көбөш Манастын кан ордосун ээлеп, Каныкейди күч менен алыш үчүн уруш башташат. Мындай шартта Каныкей болочок баатырды аман сактап калуу максатында өзүнүн төркүнү Букарга алып качат.

«Манас» эпосундагы негизги өзөктүү окуя Манастын төрөлүшү сыяктуу сюжет Семетейде кеңири сүрөттөлбөйт.

Семетей бойго бүтөөрдө Манас менен Каныкей узакка бала көрүшпөйт. Качан гана уруунун аксакалы, баатыр Кошой батасын бергенде Каныкейдин боюна бүтөт.

С.Орозбаковдун вариантында Манас баатыр баласыздыгына капа болуп, Чоң казаттан кайтып келип, Меккеге (Ыйык жерге) сыйынып келүүгө элинен уруксаат сурайт. Бирок Каныкейдин түшүндө алтын боолуу ак туйгун кармагандыгын айтып, Манастын бир жылча эч жакка барбоосун өтүнүшү менен Манас токтоп калат да, Семетей төрөлөт. Семетейдин төрөлүшү ушунчалык татаал, муну укканда Манас эсинен танат. Айрым варианттарда баланын төрөлүшү мындан да татаал. Мисалы, Тоголок Молдо менен Кара ырчынын айтуусу боюнча Манас менен Каныкей мазарга барып сыйыны-шып, Кошой балбан батасын берип, кырк чилтен колдогондо гана араң балалуу болушат. В.В.Радлов жазып алган «Семетейдин туулганы» да кийинки жазылган варианттарга жакын турат.

Семетейдин кереметтүү түрдө бойго бүтүшүнө, төрөлүшүнө семетейчилер кеңири

орун бериш-пейт. Бирок кыска баяндап өтүшөт:

Таманы менен тик тууган,

Оң колунда кара кан

Кармай түштү деп угам.

Кара кан кармай түшкөнү-

Катылышкан душмандын

Каарданып урушсам,

Канын төгөм дегени.

Сол колунда сары заар

Уучтай түшкөн себеби-

Сары заардай саргартып,

Дүмүрүн казам дегени… [1].

Болочок баатырдын төрөлүшү- жеке үй-бүлөлүк гана кубаныч эмес, уруу ичиндеги зор жаңылык. Анткени бүтүндөй уруунун тагдыры болочок баатырдын мойнунда болгондуктан, уруу зор урмат көрсөтүп, өзгөчө симпатиясын жашырбайт [2].

Семетейди кийин чоңоюп ата-сынын өчүн алган, элин-жерин коргогон чыныгы баатыр кылып тарбиялоодо Каныкейдин ролу өтө зор.

Эпикалык поэзиянын батыр-дык мүнөзүнө таандык башкы каармандын эртелеп эрдик көрсө-түшү - дүйнө элдеринин эпосторунда кеңири учураган салттык көрүнүш. Андай эрдиктер көбүнчө баатырдын укмуштуу жандыктар менен карма-шуусунан, ажыдаар, дөө, жин-пери өңдөнгөн мифтик түшүнүктөргө кар-шы аракеттенүүсүнөн ачык көрүнөт.

Болочок баатырдын кичине-синен эле эрдик көрсөтүшү көпчүлүк түрк элдеринин эпикалык чыгар-маларындагы салттык көрүнүш катары белгиленип келет. Мындай көрүнүш «Семетейде» Семетейдин Букардын Ак балбаны менен Кокон-дуктун Төө балбаны алты күнү күрөшүп, Ак балбан жыгылып кал-ганда он экидеги Семетей Төө балбанды жеңип, намыс алышында ачык байкалат.

Көпчүлүк элдердин эпос-торунда (түрк-монгол) атасынын өчүн алышы болочок баатырдын көрсөткөн биринчи эрдиги катары арбын учурайт, баатырдын ал эрдиги жалпы элдин колдоосуна татыктуу. Баатырдын таң каларлык күчкө ээ болуусу, алптык мүнөзү өзгөчө мааниге ээ [2].

«Семетейде» баатыр он экиге толгондо өз эл-жерине барып, ата-тегин көрүп, атасынын өчүн алыш үчүн камдангандыгы менен окуя уланат.

Улуу манасчы С.Каралаевдин вариантында патриоттук мотивдер күчтүү өнүккөн.

Тууган жердин элеси өтө көрүнүктүү, сүйкүм тар-тылат. Манасчы эпикалык Таласты кыргыз жери, ата-журт деп, түшүнөт да, «атадан калган жер», «тууган жер» деп зор симпатия менен атап, аны ар кандай окуяга фон катары алып жүрөт [1].

Букарда өзүнүн кимдин тукуму экенин билбей чоңойгон Семетейди Таласта калган айрым жакын санаалаштары анын чоңоюшун жана өз эл-жерине кайтып келишин чыдамсыздык менен күтүшөт. Каныкейдин атасы Темиркан менен иниси Ысмайыл анын он экиге чыкканча ким экенин эч билгизбей тарбиялашат. Семетей ата-тегинин дайнын көмүрчү Сарытаздан угат, (башка варианттарда башка каар-мандар угузат). Кызыл-Суулук Жусуп Мамайдын вариантында да Сарытазды Бакай атайын Семетей-дин кимдигин билдирүү максатында жиберген. Сарытаз Букарга барып соодагер болуп, Семетейдин чоңою-шун күткөн каарман катары сүрөттөлөт. Семетей он экиге келгенде соодагердигин жыйышты-рып, көмүрчүлүккө өтөт. «Семе-тейдин» сюжет курумундагы окуялар Семетей ат жалын тартып мингенден баштап, чырмалышып, таталданып курчуй баштайт. Семетей эр жетип өз алдынча болгонун байкаган Сарытаз кезеги келер деген ой менен токойго кирип көмүрчү болот. Ба-шынан бери айтылган элдин башын бириктирип туруучу баатыр баланын башка элде, бөтөн жерде чоңоюп, эрте жетилиши, өз эли күтүп жат-каны, акыры ага Сарытаз аркылуу кабар берилиши чыгарманын сюжетиндеги негизги өзөктүү окуя болуп саналат [4].

Андан кийинки окуяда Семе-тейдин куш салуусу аркылуу Сарытаздын баяны айтылат. Семетей менен Сарытаздын ортосундагы бай-ланыш Семетейдин шумкарын алып берүүсүн өтүнүүсү аркылуу диалог-дон башталып, андан ары экөөнүн сүйлөшүүгө түрткү берген көркөм деталдын бири. Эпостун башка варианттарында да бул сюжеттик деталь окуянын мындан аркы өнүү-гүүсүнө негизги үмүт катарында коюлат. Семетейге атасы Манас, мекени Талас экенин угузуп айткан Сарытаз бардык варианттарда бирдей эле даражада милдетин аткарат.

Жетим балага ата-тегин жайын айткан Сарытаз ага жөн жай кабарлабайт, баланын намысына тийип, баатырдык сезимин козгоп сүйлөйт. Семетейди эл-жерин көрүүгө түрткү берип сүйлөө менен, анын андан ары баатырдык жүрүштөрүнө багыштайт. Болгон окуяны төкпөй-чачпай айтып түшүндүрүп Семетейге сандаган суроолуу ойлорду таштайт. Бул сөздөрдүн мазмунундагы этикалык түшүнүктөр да эң алды эпос чагылдырган доордун түшүнүк идеалдарына негизделген: эркек бала сөзсүз атасынын өчүн алуусу керек, атасынын уруусунан башка жерде жүргөн бала кимдигине, жеке сапатына карабастан, кул аталат, эненин уруусу балага тууган эсептелсе да, өз тууганы эмес [1].

С.Каралаевдин вариантында Семетей Сарытаздын баянынан кийин оозуна наар албай бир топ күн жатып калат. Семетейдин мындай кылыгын уккан Каныкей баласына өзү келип, окуянын чын-төгүнүн ырастайт. Ал эми Ж.Мамайдын айтуусунда Семетей бир нече күндөн кийин курсагынын ачканын айтып, буудай кууруп, колу менен берүүсүн өтүнгөндө Каныкей колуна салып алып келет. Семетей буудай менен колун капшыра кармап, анан жерин- элин сурап билет [5]. Сарытаз менен Каныкей айткан баяндан кийин

«Тай атаке»- деп айтат.

Бала туруп Семетей,

Падышадай кеп айтат:

«Айланайын тай ата,

Түбү бирге кошулат.

Учу бирге жазылат

Атам Манас деп уктум.

Жерим Талас деп уктум.

Ак калпактуу төө чепкен,

Элим алаш - деп уктум»- деп Семетей арына келип элине жерине барууну самайт. Бул кабардан кийинки окуя уланаар алдында Семетейди:

Он экиде Семеңдин

Оттой көзү чачырап.

Абыке менен Көбөшкө,

Азуулары качырап.

Эки энесин ээрчитип.

Семетей басып калганы.

Каракандын ордого

Кайкалап кирип барганы.

Сөлөкөтү сөөлөтү.

Падышадан кем эмес - деп сүрөттөйт. Бул жерде биз келечек-теги баатырдын атасы Манастын чыныгы мураскору болору ката-рында түшүнөбүз.

«Азабын угуп отуруп,

Абыдан жаным ачынат.

Албасам кегин алардын

Арманым кайдан басылат.

Жетим өскөн баламын

Жериме мен барамын.

Кас душманды талкандап,

Калкымды колго аламын» - деп таятасына кайрылат. Элиме, жериме барайын деп уруксаат сурап, таятасы Каракан макулдугун берип, жолго аттанаарда энеси Каныкей өз насаатын айтып, окуя андан ары Таласта уланат.

Макалада биз Семетейдин төрөлүшүн, эр жетип баатыр болушун баяндаган окуядагы айрым бир салттык-сюжеттик мотивдерге учкай анализ берүүгө аракет жасадык.

Ырас, «Манас» эпосундагы баатырдын кереметтүү төрөлүшүн шарттаган баласыздык, кереметүү түш, кереметүү бойго бүтүү, баатырдын бөтөнчө төрөлүшү, баатырга ат коюу, баатыр менен анын жоого минүүчү атынын бир күндө төрөлүшү, болочок баатырдын тентек болушу, биринчи эрдиги кеңири сюжет болуп айтылса, «Семетей» эпосунда ал сюжеттик мотивдер кыска, схема түрүндө баяндалат. Бул да - «Семетей» эпосунун өзгөчөлүгү.

Адабияттар:

1. Кыргыз адабиятынын тары-хы, том – Бишкек, 2002, 69-бет, 78-70-бет, 80-81- бет.

2. Бегалиев С., Керимбеков А. «Семетей» эпосунун айрым бир мүнөздүү өзгөчөлүктөрү.//Кыргыз тили жана адабияты. - 2007, № 11.

3. Жайнакова А. «Семетей» эпосунун тарыхый-генеалогиялык негизи. – Ф.,1982.

4. Чынгышов Д. Жусуп Мамайдын «Семетейиндеги» салттык сюжет жана анын өнүктүрүлүшү. // Кыргыз тили жана адабияты , 2002, № 3, 101-108-беттер.

5. Чынгышов Д. Семетейдин Сарытаздан эли, жерин укканы. // Кыргыз тили жана адабияты, 2002, № 4, 100-104 беттер.

6. Жирмунский В.М. Тюркский героический эпос. - Л., 1974, 33.

7. Жусуп Мамай «Семетей», 1-китеп, -Бишкек Шам, 1995.

8. http://www.bizdin.kg/ebooks/html/semetey/semetey_sk1/index.html